**УДК: 241.231**

# КООМДУН РУХАНИЙ БОЛМУШУ

***Атамурзаева Б.М. - филос.и.к, доцент ЖАМУ ТИПФ***
***Абдуллаева М.А.- окутуучу ЖАМУ ТИПФ***

***Аннотация:*** Макалада коомдун материалдык жана руханий болмушу жөнүндө айтылат, руханий баалуулуктардын өндүрүшүнө анализ берилген. Руханий өндүрүш адамдардын руханий жашоосу менен байланышкан бардык нерсенени камтыйт: салттар, нравалык (адептик) нормалар жана принциптер, адабият, кино, философия, тарых, социология, маданият таануу, юриспруденция ж.б.у.с.

***Өзөктүү сөздөр:*** руханий өндүрүш, материалдык болмуш, руханий жашоо, салттар, руханий чыгармалардын баалуулугу, илим, маданият, адамдардын социалдык статусу.

# ДУХОВНАЯ ПРИРОДА ОБЩЕСТВА

***Атамурзаева Б.М. - к.филос.н., доцент ЖАГУ ТИПФ***
***Абдуллаева М.А.- преподаватель ЖАГУ ТИПФ***

***Аннотация:*** В статье рассматривается материальное и духовное бытие общества, дается анализ производства духовных ценностей. Духовное бытье производство связанно с духовное жизни людей и включает в себя традиции нравственное и этическое нормы и принципы, литературу, кино, философию, историю, социологию, культурологию, юриспруденцию.

***Ключевые слова:*** духовное производства, материальное бытие, духовная жизнь, традиции, ценность духовных произведений, наука, культура, социальный статус людей.

# THE SPIRITUAL NATURE OF SOCIETY

**Atamurzaeva B.M. - PhD in Philosophy,**
**Associate Professor of JASU TIPF**
**Abdullaeva M.A. - teacher of JASU TIPF**

***Annotation:*** The article analyzes the material and spirit valuse’s of people, about of differences between material and spirit existence in society. Spiritual being, production related to spiritual life of people and includes tradition s, moral ethical codes and rules, literature, cinema, philosophy, history, sociology, culture studies, jurisprudence.

***Key words****:* material and spirit existence, spirit live, traditions, volue of spirit science, social status of people.

Адамдардын болмушунун формасы катары коом материалдык менен руханий жашоосунун биримдигин чагылдырат. Материалдык болмуш - адамдардын материалдык дүйнөсү, ал эми руханий болмуш - руханий дүйнөсү. Материалдык жашоосу материалдык баалуулуктарды канааттандыруу менен байланышкан. Бул биринчи кезекте азык-түлүк, андан кийин кийим-кече жана үй-турак саналат. Өздөрүнүн материалдык таламдарын канааттандыруу менен, адамдар ошону менен өздөрүн биосоциалдык жандык катары калыптандырышат. Ошол себептен материалдык өндүрүш адамдардын ишмердүүлүгүнүн негизгиси болуп эсептелет. [1]

Бирок, адам, өзүнүн материалдык гана эмес, руханий дагы таламдарын канааттандырганда гана чыныгы адам болот, калыптанат. Анткени адамда гана субъективдүү, руханий жашоосу, дүйнөсү бар жалгыз жандык. Бул дүйнө адам өзү өндүргөн руханий баалуулуктар менен гана канааттандырылат. Ошондуктан руханий

жашоо – коомубуздун материалдыктай эле бир жагы, бир бөлүгү. Адегенде руханий баалуулуктарды канааттандыруудан мурда, аларды өндүрүү зарыл. [2]

Адамзаттын алгачкы этаптарында эле руханий өндүрүш материалдык өндүрүш менен тыгыз байланышкан эле. Коомдун жашоосунун өз алдынча тармак катары аракеттенбеген. Өндүрүш күчтөрдүн төмөнкү деңгээли алгачкы коомдун адамдарына руханий өндүрүү менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк бербеген: сүрөт тартууга, жазууга жанабашка нерселерди ойлоп чыгарууга. Коомдун өнүгүшү менен руханий өндүрүш материалдык өндүрүштөн бөлүнө баштаган. Мындай сапат жагынан секирик цивилизацияга өтүү менен ишке ашат, коомдук байлыктын жогорку деңгээли коомдун бир бөлүгүнө (байларга) материалдык эмес, руханий өндүрүш менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк берип баштагандан тартып. Ошентип эмгек экиге бөлүнгөн: кара жумуш (материалдык өндүрүш) жана акы-эс (руханий). Жалаң руханий өндүрүш чөйрөсүндө аракеттенген адамдар пайда болушат. Ал өз алдынчалуулукка ээ болуу менен өзүнүн имманенттүү законнору боюнча өнүгө баштайт, аларды руханий өндүрүштүн мыйзамдары деп атоого болот. [3]

Руханий өндүрүш адамдардын руханий жашоосу менен байланышкан бардык нерсенени камтыйт: салттар, нравалык (адептик) нормалар жана принциптер, адабият, кино, философия, тарых, социология, маданият таануу, юриспруденция ж.б.у.с.

Руханий өндүрүштүн деңгээли материалдык өндүрүштүн деңгээлинен көз каранды. Канчалык материалдык өндүрүштүн деңгээли бийигирээк болсо, руханий өндүрүш ошончолук күчтүү болот. Экономикалык жактан бай өлкөлөр көп сандагы кино-тасмаларды жаратууга, көп театрларды иштетүүгө, миллион сандагы гезит, китептерди чыгарууга, көп сандагы телеканалдарды иштетүүгө жөндөмдүү болот. Бирок руханий өндүрүш салыштырмалуу өз алдынчалуулукка ээ. Руханий чыгармалардын баалуулугу руханий өндүрүштүн деңгээлинен эмес, аларды чыгарган жаратмандардан көз каранды. [5] Мисалы: А.С.Пушкинди алып көрөлү, крепостное право мезгилинде жашаса дагы, азыркы жазуучу акындарга караганда, бардык параметрлеринен ашып түшкөн чыгармаларды жараткан. Мындан төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл: адамдын руханий дүйнөсүн азыктаган руханий өндүрүштүн түзүүчүлөрү (состав) ар кандай функцияларды аткарат. Мисалы: моралдык баалуулуктарды аңдап билүү адамдардын моралдык калыптануусу менен байланышкан. Адам моралдык принциптер жана нормаларга карманoccу анын гумандуулугунун, чынчылдыгынын, ыймандуулугунун жана инсандыгынын белгиси болот. Бекеринен бардык мезгилдерде эле адамдын нравалык жактан калыптануусу адамдардын тарбиясынын негизги принциптеринен деп эсептелбеген. Ал эми эстетикалык баалуулуктарды калыптандыруу кооздукка болгон табитти өркүндөтөт, көркөм өнөр чыгармаларды сыйлоого үйрөтөт. Искусствонун чыгармаларында дегеле жашоонун реалдуу процесстери чагылдырылат. Бирок бул жөн гана физикалык жактан чагылдыруу эмес. Бул көркөм жактан чагылдыруу жаратман өзүнүн көркөм чыгармаларында эмоционалдык – образдык формада жашоонун көп кырдуулугун көрсөтүп жаткандыгында. Мында ал кооздук мыйзамдар боюнча жаратат. Искусствонун үч илтек маселеси төмөнкүдө:

1) Табият тарабынан чагылдырышы мүмкүн эмес болгон тирүү идеянын сапаттарынын жана ички терең аныктамаларын түз объективдештирүү;

2) Табияттын кооздугун руханиятташтыруу жана мындан;

3) Анын индивидуалдуу көрүнүштөрүн түбөлүктөштүрүү. Бул физикалык жашоону руханий жашоого айландыруу, б.а. матеиалдык процесстен бош жана түбөлүктүү болот дегендик. Мисалы канча деген чыгармалар жашап келет, а жаратмандары эчак эле дүйнөдөн кайтса дагы. Сүрөттөр, музыка, адабият ж.б.у.

Ал эми руханий өндүрүштүн продуктысы катары илимди ала турган болсок, анда ал адамдардын практикалык таламдарына байланыштуу. Өзүлөрүнүн практикалык

ишмердүүлүгүнүн процессинде адамдар белгилүү бир кыйынчылытарга дуушар болгондо, тигил же бул табигый феномендин жана процесстердин терең себептерин изилдөө талап кылынат деп аракеттенет. Ошентип, табиятты андан кийин коомду, андан коомду изилдөөгө аркеттенген окумуштуулар пайда болот. Мындан келип билимдер жана идеялардын системасы катары илим пайда болот. Адамзатынын коомунун өнүгүшүнө жараша илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларына таламдар өсө баштайт. К.Маркс жазгандай, азыркы заманда илим өндүргүч күчкө айланган. Эч бир материалдык өндүрүштү илимсиз (илимди колдонбой) элестетүү мүмкүн эмес.

Азыркы учурда илим – жалпы коомдук өндүрүштүн бакыйган бутагы. Миңдеген илимий изилдөө институттар коомдун жана табигый процесс, көрүнүштөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө менен алек. Миң эмес, миллион адамдар илим чөйрөсүндө аракеттенишет. Илим массалык мүнөздө болсо дагы, улуу илимий ачылыштарды чыгаан адамдар гана жасашат. Илимде, музыкада жана живопистегидей эле, улуу жетишкендиктерге улуу таланттар гана жетише алат.

Бүгүнкү күндө илим- руханий өндүрүштүн түрү гана эмес, киреше алып келүүчү нерсе дагы; илимий капиталга ээ болгон мамлекеттерде стабилдүү өнүгүү үчүн бардык негиздер болот.

Руханий баалуулуктардын мүнөздүү белгиси – алардын көп жолу керектелиши (колдонулушу). Материалдык баалуулуктары бир жолу керектелсе, руханий баалуулуктар болсо ар бир муундар тарабынан кайрадан кайра колдонулат. Мисалы Платондун заманындагы материалдык байлыктар эчак эле жок болгон, ал эми байыркы замандын философ, жазуучулардын ж.б. чыгармаларын биз бүгүнкү күндө да рахаттанып окугандан тажабайбыз.

Материалдык жашоо сыяктуу эле руханий дүйнөнүн дагы өнүгүүсүнүн узак тарыхы бар. Алгачкы общиналык коомдо аябай эле жөнөкөй мүнөздө болгон: ырдоо, бийлөө, тоо-таштарда сүрөт тартуу д.у.с. [4]

Цивилизация пайда болгондон тартып, жана руханий өндүрүш өз алдынча чөйрөгө бөлүнгөндөн баштап сапаттуу секирик болду. Античтик доор руханий жашоонун жогорку деңгээлин сүрөттөйт. Философтор, акындар, тарыхчылар, окумуштуулар кийинки муундардын руханий болмуштун фундаментин калыптандырышкан. Ал эми кайра жаралуу доорунун искусствосунун жана адабиятынын улуу жаратмандары: Данте, Петрарко, Микеланджело, Рафаел, Леонардо да Винчи, Ж.Ж.Руссо, Галилей ж.б. дүйнөлүк маданиятка, илимге зор салым кошушкан. Кайра жаралуу доору Европанын территориясында чоң жаңылыктарды киргизүү менен жана диндик догмаларды четтетүү менен даңкталган. Мисалы: француз изилдөөчүсү Ж.Аттали 1592-жылы белгилеп кеткендей: “Европада шоколад, тамеки, кукуруза, картошка пайда болгон. Нюрнберг шаарында Мартин Бегамм биринчи жер шаарын конструкциялаган, Феррар шаарында алгачкы жолу лира (акча-валюта) басылып чыкты; профессор Антонио де Небрия биринчи жолу Испан тили китебин чыгарган; Женевада сифилис пайда болду; Ватиканда кан куюу иш аракети; Боецийдин музыкасындагы гармониясы жөнүндө трактат басылып чыкты”. Кийинки кылымдарда дагы бир канча улуу жетишкендиктерди руханий чөйрөсүндө белгилеп кетсек болот: Шекспир, Гѐте, Шиллер, Бальзак, Пушкин, Достоевский, Л.Толстой ж.б. дүйнөлүк адабияттын корифейлери.

Азыркы учурда акыркы технология жана техниканын жардамы менен руханий өндүрүш кеңири жайылып жатат. Миллиард сандаган китеп, гезит жана журналдар чыгарылып жатат. Руханий “азык-түлүк” үчүн атайын магазиндер ачылып жатат. Бирок сапат жөнүндө айта турган болсок, көп санда чыккан китептер, мурдагы чыгармалардын авторлору менен салыштырылбайт. Азыркы философторду мурунку Кант, Фейербах, Гегель же Маркс менен салыштырып болбойт. Дегеле азыркы руханий өндүрүш кризисте десек болот.

Руханий жашоо көп учурда адамдардын статусунан көз каранды. Адам кайсы таптын өкүлү болсо, ошол нерсе да таасир этет. Байлардын мүмкүнчүлүгү албетте көбүрөөк, руханий таламдарын канааттандырууга. Аларды каржылык абалы руханий чыгармаларды сатып алууга көп мүмкүнчүлүк берет, жогорку билимди алдыңкы (престиждүү) окуу жайлардан алганга, жана эң акырында искусствонун жана адабияттын чыгармаларын жаратууга дагы.

Руханий өндүрүштүн тарыхы тастыктагандай, руханий баалуулуктардын жаратманы болуп көбүнчө бай катмардан чыгышат. Мындай көрүнүш азыркы учурда деле байкалат.

Каржы жактан дараметтүү адамдардын таланты азыраак болсо дагы акчанын күчү менен руханий баалуулуктарды жараткандардын катарында болуп калууда. [6]

Жыйынтыктап айтканда, жашоонун реалдуу практикасы көргөзгөндөй, адамдар акыркы убакытта өзүлөрүнүн руханий жашоосуна көп көнүл бурбай, көбүнчө материалдык жашоосун биринчи кезекке койгонун байкоого болот. Ал эми коомдук руханий болмуш, ар бир анын мүчөсүнүн билимдүүлүгүнөн, маданиятттуулугунан, адептик деңгээлинен көз каранды. Ошондуктан, коом жарандарынын ушундай сапаттарга жетүүсүнө кызыктаар. Руханий жактан өнүп өсүү ар бирибиздин милдетибиз болуп калса гана, өзүбүздүн улуу жазуучубуз Ч.Айтматов айтып кеткендей “Канткенде адам уулу адам болот?” дегенге жооп бере ала тургандай болот элек.

**Адабияттар:**


1. Гобозов И.А. Социальная философия. 297. Москва 2007
2. В.С.Барулин. Человек и обществ мир. Москва 2007
3. Кулматов Н.К. “Моралдык баалуулуктарды улантууучулук менен баамдап түшүнүү маселелери” Мат. XII н.п.к. Бишкек 2007
4. Үмөтов Э.А. “Кыргыз элинин Руханий маданиятындагы Агартуучулук ойлор” 75. М. XII н.п.к.
5. Токоева Ж.Т. Перспективы развития гуманистической традиции киноискусства. Вестник И.Ф и ППИ.НАН КР. С 115 Бишкек 2018
6. Атамурзаева Б.М. Ценностные трансформации. Вестник И.Ф и ППИ.с 22-23. Бишкек 2018